# ШАРАФ АД–ДИН АЛИ ЙЕЗДИНИН “ЗАФАР–НАМЕ" ЧЫГАРМАСЫНДА ЭМИР ТИМУР КӨРӨГӨНДҮН ЧЫГЫШ ӨЛКӨЛӨРҮ МЕНЕН БОЛГОН ДИПЛОМАТИЯЛЫК МАМИЛЕСИ

**КЫЛЫЧЕВ А.**
Кыргыз улуттук университети

Каралуучу маселе Улуу Тимурдун Чыгыш өлкөлөрү анын ичинде Теңир–Тоо аймагы жана ага коңшулаш жайгашкан мамлекеттер менен болгон тышкы саясий мамилесине арналмакчы. Чындыгында эле мамлекет башчысы маанилүү мамлекеттик иштерди чечүүдө, өзгөчө тышкы саясат жаатында ар бир шилтеген кадамына кылдаттык менен мамиле кылбаса бир заматта эле мамлекет үчүн жана ошол мамлекетте жашаган эл үчүн оор күндөрдүн башталышы мүмкүн. Же болбосо, мамлекет башчысынын тышкы саясатта кетирген катасы үчүн бүтүндөй мамлекет жана эл жоопту болуп калышы толук ыктымал эмеспи.

Ошондуктан, аймагы батыштан чыгышка карай созулган зор территориянын ээси болгон Тимурдун туура жүргүзгөн саясатынын негизинде Европа жана Азия мейкиндиктериндеги бир катар мамлекеттердин өкүмдарлары анын пикири менен эсептешип, Тимур Борбордук Азиядагы абройлуу бийлик ээсине айланган. Ал тышкы саясатын жүргүзүүдө айрым мамлекеттер менен дипломатиялык алакада болуп, мамлекет башчылары менен өтө баалу белек–бечкек беришип, сыйлашып, керек учурда атаандашына жол бошотуп, ыңгайы келген учурда жарга такоо менен өз кызыкчылыгын коргоп келген.

Шараф ад–Дин Али Йездинин “Зафар–наме" чыгармасында эмир Тимурдун тышкы саясий маселелерди чечүүдөгү ишмердүүлүгүнө арналган айрым бир кызыктуу маалыматтар кездешет.

Шараф ад–Дин Али Йезди “Зафар–наме" чыгармасында Тимурдун саясий ишмердүүлүгүн сүрөттөөдө башкы каарманын түздөн–түз “дипломат" деп атабайт. Бул жерде булак тануу илиминин негизги милдети болуп, өткөн нерсени же окуяны анализдеп, талдоого алып ага тарыхый баа берүү болуп саналат.

Жогорку бөлүмдөрдө сөз болгондой Тимурдун айрым бир ырайым–сыз чектен чыккан жоруктары “Зафар–наме" чыгармасынын автору Тимур тарыхчысы Шараф ад–Дин Али Йездинин баяндоосунда акталып, бул же тигил окуянын жүрүшүнө оң таасир берүүчү себептер табылат.

Бирок, чындыгында эле өткөн бөлүмдө баяндалган Тимурдун түрктөргө каршы согушунда Аңкаранын алдында талкаланган түрк султаны Илдерим Баязиддин күнөөсүнүн кечирилиши, жана анын уулдарынын Тимур тарабынан кайрадан бийлик башына олтургузулушу эле Тимурдун тышкы иштерди жакшы түшүнгөн ири саясатчы экендигинен кабар берет.

# ШАРАФ АД–ДИН АЛИ ЙЕЗДИНИН "ЗАФАР–НАМЕ" ЧЫГАРМАСЫНДА ЭМИР ТИМУР КӨРӨГӨНДҮН ЧЫГЫШ ӨЛКӨЛӨРҮ МЕНЕН БОЛГОН ДИПЛОМАТИЯЛЫК МАМИЛЕСИ

Айрым учурларда эмир Тимур өзүнүн өнөктөштөрү менен тил табыша албай саясий маанилүү иштерди чечүүдө ортого элчилердин түшкөн учурларын кездештиребиз.

Шараф ад—Дин Али Йезди "Зафар наме" чыгармасында башынан эле өнөктөш болуп келген эмир Тимур менен эмир Хусейндин чыр—чатагы тууралуу мындай түрдөгү маалыматты берет: 767/1389—жылдын күз айларында эмир Тимур аскерлерин жыйнап, алдыга эмир Сайфуддин баштаган аскерлерин эмир Хусейнге каршы аттандырды. Эмир Хуссейн кезегинде Шир Бахрамды алдагандай эле эмир Тимурду дагы алдоону чечип, Малик Бахадыр менен Абдаллахты тынчтык келишимин түзүүгө чакырган кат менен Тимурдун алдына жөнөткөн. Элчилер алып келген каттын мазмуну төмөнкүдөй болгон: "Биз ар дайым бир болуп, жасала турган иштерди биргелешип чечип келдик эле. Кел эми элдешели да кайрадан бирге бололу"[1]. Бул жерден айта кете турган нерсе учурунда эмир Тимур эмир Хусейиндин карындашы Улйе Туркан—Агага баш кошуп, эки эмирдин ортосунда тууганчылык жылуу мамиле болгон. Бирок, эмир Тимур Самаркандан алыста жүргөн учурунда аялы Улйе Туркан—Ага каза болгон. Муну эшиткен эмир Хуссейн тууганды жиптин үзүлгөндүгүнө капа болгон. Чындыгына келгенде Улйе Туркан—Ага тирүү болгондо деле мурдагы өнөктөштөрдүн ортосу ажырайт эле. Себеби эмир Хусейн туура эмес жолго түшүп, мамлекеттик иштерде көп саясий каталарды кетре баштаган эле.

Ошентип, эмир Тимур Байсун деген жерден эмир Хуссейнден келген элчилерди кабыл алып, жогоруда баяндалган кат менен таанышкан. Бирок эмир Тимур, эмир Хусейндин сырын жакшы билгендиктен ага ишене берген эмес жана окулган катка анчалык маани берип көңүл бурган эмес. Тимурдун эмир Хусейндин катына жасаган бул мамилеси элчилерди тынчсыздандыра баштаган. Хоженттен кайтып келген эмир Жаку, эмир Аббас жана Бахрам Жалаирлер элчилерди камака алууну каалашкан. Бирок эмир Тимур элчилерди туткундоо адепсиздик болоорун жана бул иш мамлекетке аброй алып келбей тургандыгын айтып, эмирлерди токтотуп койгон. Эмир Тимур элчилерге ыраазычылыгын билдирип, аларга артына кайтуусуна уруксаат берип, өзү Каршини көздөй жөнөп кеткен[2].

Эмир Тимур ибн Тарагай Бахадурдун бийлиги учурунда, коңшу мамлекеттер аны менен келишим түзүп, тынчтыкта жашоону жана мамлекеттер ортосунда соода—экономикалык алаканын чыңдалышына кызыкдар болушкан. Бийлик ээлери мындай мамиленин бекемделип, андан ары өнүгүшү үчүн айрым учурларда кудалашкан учурларын кездештирүүгө болот.

Фарс башкаруучусу Жалал ад—Дин Шах Шаджа Тимурга өз элчилерин көп сандагы баалуу белектер менен жөнөткөн. Белектердин арасында алтын жасалгалар, коздук буюмдары, араб аттары жана башка баалуу нерселер жүктөлгөн кербен келген. Жалал ад—Дин Шах

---

[1] Шараф ад—Дин Али Йезди. Зафар—наме. ИИРнын улуттук мажилисинин китепканасынын кол жазмасы №44607 фарсы тилинде.
[2] Ошондо эле.

Шаджа катында Улуу Урматтуу Тимурду урматтап–сыйлоорун баяндап, өнөктөшү экендигин белгилеген. Бул элчиликтин келишине жана Фарс өкүмдарынын жазган катынын мазмунуна курсант болгон Тимур, жооп иретинде жылуу маанайдагы кат жазып, белегин жөнөтүп, мындан аркы достук мамилелерди чыңдоо үчүн Жалал ад–Дин Шах Шаджанын кызынын колун, дүйнөдөн көзү өткөн уулу Жахангирдин баласы, өзүнүн небереси Пир Мухаммед үчүн сураган[3].

Мындан сырткары эмир Тимур Моголстан мамлекетиндеги саясий абалды көзөмөлдөө жана бул мамлекеттин ханы Кызыр–Кожо хан менен мамилени чыңдоо максатында бир мезгилдерде туткундалган Кызыр–Кожо хандын уулу Шам–и Жаханды бошотуп, аны менен бирге элчиси Гияс ад–Дин Тархан (эмир Гийас ад–Дин Тархан Тимурдун жакын адамдарынан болгон.Чагатай төбөлдөрүнүн өкүлү. Чечендиги жана дипломаттык ишмердүүлүгү менен белгилүү болгон[4].) башында турган элчиликти баалуу белектер менен коштотуп, ханзаада Искендер үчүн Кызыр–Кожо хандын кызынын колун суратып жөнөткөн[5]. Бул учурда Тимур Самаркандан алыс эмес Кан–Калаа деген жерде эс алып жаткан. Кудалашуудан оң кабар келгенден кийин бүткүл Самаркан эли шаарды кооздоп, өзүлөрү таза жаңы кийимдерди кийип, баардык жерде музыка ойноп, эл өзүнүн өкүмдары менен бирге кубанычта болду. Ошентип, ханзаада Искендер менен Беги Султан баш кошуп, нике кыйылгандан кийин Бухарадан Тебризге (азыркы ИРИ деги провинция) жөнөп кетишти[6]. Айрым булактарда Тимур өзү үчүн Кызыр–Кожо–хандын кызынын колун суратып, Кызыр–Кожо–хандын уулу Шам–и Жаханды баалуу белектер менен Гийас ад–Дин–тарахандын коштоосунда жөнөткөн[7]. Ал эми окумуштуу К.А.Пищулина бул окуя тууралуу мындай баяндайт: 1397–жылы Кызыр–Кожо өзүнүн карындашын Тимурга күйөөгө берип, Самарканга уулу Мухаммад–оглан баштаган элчиликти жөнөткөн[8].

Зафар–наме асарында айрым учурлардагы эмир Тимурдун элчилерди сыйлабай, чектен чыккан кээ бир хандарга эскертүү берген жана берилген мөөнөттө өз катасын оңдоп, кылган ишин мойнуна алып, мамилесин өзгөртпөгөн бийлик ээлерин жазалаган учурлары кездешет.

Улуу Урматтуу кышты Отрарда өткөрдү. Хорезмдин өкүмдары Юсуф Суфи кылган ишинин артын ойлонбой туруп, Бухараны багындыруу үчүн жортуулга аттанды.

Улуу урматтуу Юсуф Суфиге элчисин жөнөтүп, төмөнкүдөй кабар айттырды:" туугандар ортосунда тирешүү жарабайт". Бирок Юсуф Суфи элчини туткунга алган. Бул кабарды эшиткен Тимур Юсуф Суфиге төмөнкүдөй мазмундагы экинчи катты жаздырды: "Элчини

---

[3] Шараф ад–Дин Али Йезди.Зафар–наме. ИРИнин улуттук мажилисинин китепканасынын кол жазмасы №44607 фарсы тилинде.
[4] Бартольд В.В. Улугбек и его время. С.63.
[5] Шараф ад–Дин Али Йезди.Зафар–наме. ИИРнын улуттук мажилисинин китепканасынын кол жазмасы №44607 фарсы тилинде.
[6] Ошондо эле. 209–б.
[7] Шараф ад–Дин Йезди.Зафар–наме.МИКК.–М.1973.С.144.
[8] Пищулина К.А. Юго –Восточный Казахстан…С.89.

туткунга алганың жакшы болбоду, бул хандын кылаар иши эмес". Юсуф Суфи Тимурдун кайрылуусуна кулак какпай экинчи элчини дагы камака алган. Юсуф Суфи Тай Бугуну жана башка кишилерин Бухарага жөнөтүп, ал жактагы түркмөн уруулары эмне кылып жаткандыгынан кабар алып келүүлөрүн буюрган. Алар түркмөндөрдү жазалоо менен бир нече түркмөн ак сакалдарын туткундашкан. Эмир Тимур Мусанын кызы Махдия Олуя Туман Агага баш кошуп, ханайымга арналган бакча курууну буюрган. Бул буйрук аткарылып, Самаркан шаарынын батышында он эки бакча бириктирилип, бир чоң бакча курулуп, "бейиштин багы" деп аталган[9].

Тимурдун берген кеңешине кулак салбай Бухарага кол салып, элин кырып, байлыгын басып алган уятсыз Юсуф Суфиге ачуусу келген Улуу Урматтуу 780/1401—жылы аскерлерин жыйнап аны жазалоо үчүн Хорезмге аттанган. Тимур аскерлери Хорезмге келгенден кийин шаардын чебин курчоого алып, буйрук боюнча коопсуздук чараларын көрүп бүткөн соң, согушту башташкан. Бул согушта көп сандагы байлыкты олжолоп, сулуу кыздарды туткундап, сан жетпеген жылкы, кой төөлөргө ээ болуп калышкан. Ушул маалда Юсуф Суфи Улуу Урматтууга төмөнкүдөй кат жолдогон: "Качанкыга дейре биз үчүн он миңдеген мусулмандар кырыла берет. өз тагдырыбызды өзүбүз чечели жекеге чык". Улуу Урматтуу Юсуф Суфинин бул сунушун кубануу менен кабыл алып, макулдугун билдирди. Тимурдун аскер башчылары жана ак сакалдар буга каршы экендигин билдиришти. Бирок Тимур бул учурду көптөн бери эңсеп жүргөнүн айтып, бул кырдаалды колдон чыгарбай тургандыгын билдирди[10]. Улуу Урматтуу дароо согуштук кийимин кийинип, чепти көздөй жөнөдү. Мекеге барып мусулмандык милдетин аткарып келген эмир Юсуф ад—Дин Улуу Урматтуунун алдын тосуп чөгөлөп, чечимин өзгөртүүсүн өтүндү. Ачуусу келген Тимур аны көздөй кылычын кезегенде гана ал жол бошотуп туруп кетти. Ошондо Тимур жалгыз өзү чепти көздөй атын чапты. Чепке келип, Юсуф Суфинин чыгышын талап кылды. Бирок коркоктук кылган Хорезм өкүмдары үн чыгарганга жарабады. Улуу Урматтуу "Кимде ким айткан сөзүнө турбаса, анын жашоосунан көрө өлгөнү артык" деп кыйкырды. Тимур бул эрдиги менен баардыгын таң калтырды. Ушул учурда Термезден бул жылдагы коондун алгачкы түшүмүн алып келишкен. Улуу Урматтуу мындай деди: "Бул коонду жалгыз жегенибиз жарабас" деп алтын батуноска бир нече коон салдырып Юсуф Суфиге жөнөтүүнү буюрду. Хорезм башкаруучусуна коондорду алып келгенде ал кайрадан тартипсиздигин көрсөтүп, коондорду ыргытып, батунусту кызматчысына бердирди. Мындан кийин шаар чебинин дарбазасы ачылып, Хажи Мали баштаган Хорезм аскерлери чыгышты. Улуу Урматтуу жана Омор Шайык баш болгон аскерлер согушууга өтүштү. Тимурдун чабуулуна туруштук бере албаган Хорезм аскерлери кайрадан шаарга кире качышты. Мындан кийин Улуу Урматтуунун буйругу менен аскерлер оор таштарды ыргытып, чептин дубалын талкалоочу курал жасашты. Шаарды камалоо

---

[9] Ошондо эле. 88—89—бб.
[10] Шараф ад—Дин Али Йезди.Зафар—наме. ИИРнын улуттук мажилисинин китепканасынын кол жазмасы №44607.

он алты күнгө созулду. Бул учурда Юсуф Суфи кеселдеп, бул оорудан каза тапты. Муну менен Улуу Урматтуунун "Кимде ким айткан сөзүнө аткарбаса, анын жашоосунан көрө өлгөнү артык" деп айткан сөзү ырасталды. Тимур аскерлери шаардын чебин талкалап кирип шаарды талап—тоноп, элин туткунга алып, чебер усталар жана окумуштуулар Кошко жөнөтүлдү. Бул жеңиш 781/1402—жылы болду. Улуу Урматтуу жеңишине жана жашоосуна курсант болуп, Занжир—Сарай кыштагында кыштады[11].

Мындан сырткары Зафар—наме асарында Тимурга Моголстандык айрым хандардын элчилери келип, анын бийлигин тааный тургандыктарын билдиришкен учурлар дагы кездешет. Маселен: "Улуу Урматтуу Кабулда жүргөн кезинде Дашт—и Кыпчак аймагынан Тимур Кутлуг—огландан жана эмир Идигудан ал эми Жетеден Кызыр—Кожо хандан элчилер келишкен. Эмирлер жана ноендор салтка жараша Улуу Урматтуунун алдына таазим кылып, жерди өпкөндөн кийин, алып келген кайрылууларын окуй башташты. Биз Улуу урматтууга таазим кылган кызматчыбыз жана кулбуз. Улуу Урматтуум биздин өткөн күнөөбүздү кечириңиз. Биз шайтан тилине кирип, тоо—талаада тентидик, эми баарын түшүнүп бармагыбызды тиштедик. Эгерде Улуу Урматтуу бизди кечип, өткөн күнөөбүздү таза суу менен жууй турган болсо, биз эч качан Улуу Урматтуута баш ийген жолубуздан тайбайбыз жана анын баардык буйругун аткарууга даярбыз". Калмактардан качкан Тайзи—оглан Башкы өргөөгө баш ийбестигин билдирип, Улуу Урматтуунун алдына келген. Тимур аны көкүрөгүнө кысып, урматто менен айткандарын угуп, алтындан тигилген чапан жаап, дагы көптөгөн падышалык сыйын көрсөттү. Ошентип Тайзи—оглан Тимурдун жеңилбес поездинин жүргүнчүсү болуп калды. Улуу урматтуу Жетеден келген жана өзбек элчилеринин өтүнүчүн кабыл алып, элчилерге хандык белектерин тапшырып, баш кийим кийгизип, кемер кур тагып, чапан жаап узатты[12]. Бул элчилик тууралуу тарыхчы П.П.Иванов "Очерки по истории Средней Азии XүI—середина XIXв." аттуу эмгегинде төмөнкүдөй баяндайт: Шараф ад—Дин Йезди чыгармасында 1397—жылы Тимурга Алтын Ордодон келген элчиликти өзбек элчилери деп атайт. Едигей (Зафар—наме асарындагы Идигу болсо керек—А.К.) өзбек деп аталат аташат. өзбек аталышы Ирандык жана Орто Азиялык тарыхчылар тарабынан XIY жана Xү кылымдарда эле Алтын Ордо аймагын мекендеген түрк тилдүү уруулардын чогултма аты катары аталса керек. Ушуга байланыштуу Жучи улусу (Алтын Ордо) өзбек улусу деп аталган[13].

Жогорудагыдай эле абалга Алтын Ордонун ханы, учурунда Жучи улусунун оң жана сол канаттарын өз бийлигинин астына бириктирген Токтомуш—хан (1380—1395—жж. бийлик кылган) туш болгон.

Алгач ирет Токтомуш—хандын башкаруучулук жөндөмүн жакшы билген Тимур аны Отрардын башкаруучулугуна дайындаган. Токтомуш—хан Отрарда бийлик жүргүзүп турган учурда Урус—

[11] Ошондо эле. 91—92—б.)
[12] Ошондо эле. 216—б. Зафар—наме. МИКК.С.145.
[13] Иванов П.П. Очерки истории Средней Азии.—М.1958.С.21.

хандын[14] уулу Кутлуг–Бугу Отрар өкүмдары Токтомуш–хандын ээлигине кол салып, согуш учурунда курман болгон. Бирок Кутлуг–Бугунун өлгөндүгүнө карабастан анын аскерлери Токтомуш–ханды жеңип, Отрарды талоонго алган. Душманынан качкан Токтомуш–хан Улуу Урматтуунун алдына келген. Тимур аны урмат–сый көрсөтүп тосуп алып, аны кайрадан Отрарга жөнөткөн. Токтомуш–хан борбору Отрар шаары болгон Сабран (Шабран) аймагына келгенде Урус–хандын улуу уулу Туатегия Жучинин урпагы Али–Бек менен бирдикте бир тууганынын өлүмүнөн өч алуу үчүн Токтомушка каршы чабуулга өткөн. Бул жолу да жеңилүүгө тушуккан Токтомуш–хан Сейхун дарыясынан сүзүп өтүп, колунан жаракат алып, үстүндө кийими жок токойго жашырынган. Токойдон чыккан кыйкырыкка кайрылган эмир Индку Токтомуштун колун дарылап, кийиндирип, азыктандырып Тимурдун алдына алып келген. Бул учурда Улуу Урматтуу Бухарада эле. Тимур шору арылбаган Токтомуш–ханды өткөн жолкудан дагы жылуу кабыл алып, аны урматтап–сыйлоого буйрук берген. Ошол учурда Урус–хан көп сандагы аскерлери менен Тимурду көздөй Токтомушту берүүсүн талап кылып келе жаткандыгы тууралуу кабар жеткен. Ушул эле мезгилде Урус–хандын элчилери Тимурдун алдына келип, Токтомуш–хан Урус–хандын уулун өлтүрүп качып кеткендигин кабарлап, азыркы учурда ал сиздин ээликте жашырынууда аны бизге бериңиз болбосо согушка камыныңыз деген Урус–хандын билдирүүсүн жеткиришкен. Улуу Урматтуу ачууга алдырбай элчилерди урматтоо менен "Токтомуш–хан менден башпаанек сурады мен аны бердим". Силерге аны бере албайм деп жооп узатты. Андан соң элчилерге кайрылып, "балыкты суу менен коркутпагыла" ушуну Урус–ханга айта баргыла деп элчилерди узатып койду[15].

Бирок эмир Тимурдун бул кылган жакшылыктарын Токтомуш–хан баалап, анын баркына жете алган эмес. Учуру келгенде Камар ад–Диндин өтүнүчү менен Ак–Ордонун ээси Токтомуш–хан эмир Камар ад–Динге согуштук өнөктөш болуп, эмир Тимурга каршы биргелешкен жүрүштөрдү жасап, Ак–Ордого жакын орун алган Тимурга тийешелүү жерлерди, башкача айтканда Түркстандагы Сырдарыя өрөөндөрүнө кол сала баштаган[16]. Бирок Токтомуш–хандын бул жоругу убактылуу нерсе эле. Кыраакы саясатчы, Улуу Урматтуу Тимур Токтомуштун бул жоругун байкамаксан болуп, ыңгайлуу учурду күтүп жатты. Токтомуш менен эсептешчүү ылайыктуу шарт көп күттүрбөй эле төмөнкү шарттарда келип калган.

Улуу Урматтуу Тимур ханзаадалар Шахрух менен Пирмухаммедге өзү жок мезгилде мамлекеттик иштерге көңүл буруп, тартипке

---

[14] Урус–хан (1369–1379–жж.) Жучи улусунун оң канатынын бийлик ээлеринин бири. Кыска мөөнөткө Алтын Ордонун ханы боло калган. Казак хандарынын ата–бабасы. Урус–хандын теги боюнча эки пикир кездешет. Биринчи пикир боюнча Урус–хан Жучи хандын биринчи уулу Ордо–Эджендин баласы болуп саналат. Экинчи пикир боюнча Урус–хан Жучинин 13– уулу Тука–Тимурдун урпагы болуп эсептелет.

[15] Шараф ад–Дин Али Йезди. Зафар–наме. ИИРнын улуттук мажилисинин китепканасынын кол жазмасы №44607 фарсы тилинде.

[16] Мунтахаб ат–таварих–и Му`ини. Л. 282а–283а.

салышын дайындап, аскерлери менен жолго аттанды. Тимур аскерлери Кара—Саман деган жерге жеткенде Алтын Ордонун ханы Токтомуш—хандын элчилери Тимурдун алдына келишкен. **Улуу** Урматтуу Тимур алдына келген элчилерди сылык тосуп алган. Токтомуш—хандын элчилери Тимурга тартуу иретинде сегиз аргымак жана бир бүркүт алып келишкен. Тимур меймандостугун көрсөтүп, ырахаттана бүркүттү колуна алган. Ушул мезгилде элчилер колдорун бооруна алып, Тимурдун алдына чөгөлөп, Токтомуш—ханды "атасы баласынын тентектик кылган учурунда күнөөсүн кечиргендей" кечирип койуусун суранышкан. Улуу Урматтуу жооп иретинде: "Алгач мен аны (Токтомуш—ханды) уулумдай кабыл алып, ал үчүн Урус хан менен согушуп, бир кыйла зыян тарттым. Мен керек учурда Токтомуш—хан мени ата деп, кайрадан күчүнө келгенде баарын эсинен чыгарып, менин ээлигимдин ар кайсы жерлерине кол салды. Мен муну байкамаксан болдум. Бирок азыр менин ашып—ташып турган күчүмдөн коркуп, бурчка такалгандан кийин кечирим суроого аргасыз болду. Аны кечириш акылсыздыка жатат. Ал өз сөзүнө тура албайт. Мен баштаган ишимдин акырына чыгышым керек. Эгерде тынчтыкты каалаcа менин алдымдан тостуруп Али—Бекти жөнөтсүн". Андан кийин Тимур элчилерди мейман катары урматтап—сыйлоону буюрду[17].

Эмир Тимур дайыма эле башка мамлекет башчыларынан жана хандардан келген элчиликтерди кабыл ала бербестен достукту жана соода—экономикалык байланыштарды түзүп чыңдоо үчүн өзү дагы бир катар чараларды көргөн.

Улуу Урматтуу мусулман элдери менен тынчтыкта жашоо жана жалпы эле мусулман мамлекеттеринин биримдигин бекемдөө максатында Мисир (Египет) падышасына арнап, кербенге жүктөлгөн баалуу белектери менен элчиси Шайык Саве баш болгон элчиликти төмөнкүдөй мазмундагы кайрылуу жолдоп жөнөткөн: "Буга чейин Чыңгыс—хандын тукумунан чыккан улуу хандар силердин аймактын падышалары менен согушуп келген. Бирок Иранда Абу Саид Бахадыр—хан каза болгондон кийин аймакта саясий башаламандык башталып, бирдиктүү ээликтер чачыранды болду. Эми Иран, Ирак жана Мавереннахр жерлери биздин күч—кубаттуу туубуздун алдында тургандан кийин, биздин эки мамлекетибиздин ортосунда эки тараптуу мамилелерди кат аркылуу жана элчиликтерди алмашуу жолу менен чыңдообуз зарыл. Бул болсо эки мамлекеттин элинин андан ары гүлдөп өнүгүшүнө өз салымын кошот. Сизге ден—соолук каалайм. Алланын буйругуна таазим кылгандарды кудайым сактасын"[18].

Жогоруда баяндалган маалыматтарга караганда Тимур ошол доордогу ири саясий ишмер экендигинен күмөн саноого болбойт. Анткени анын көрөгөчтүгү жана учурдагы саясий кырдаалга туура баа берип, баамдай алгандыгы империясынын келечеги үчүн чоң мааниге ээ болгон.

---

[17] Шараф ад—Дин Али Йезди. Зафар—наме. ИИРдин улуттук мажилисинин китепканасынын кол жазмасы №44607фарсы тилинде.

[18] Ошондо эле.